УДК 323.111

**Калиев Азамат Сайитович**
Саясий илимдеринин кандидаты, доцент.
К.Ш.Токтомаматов атындагы эл аралык университети

**ЖАРАНДЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮН КАЛЫПТАНУУ ПРОЦЕССИН АНЫКТООНУН ЗАМАНБАП КОНЦЕПЦИЯЛАРЫ**

**Калиев Азамат Сайитович,**
кандидат политических наук, доцент.
Международный Университет имени К.Ш. Токтомаматов.

**СОВРЕМЕННЫЕ КОНЦЕПЦИИ ОПРЕДЕЛЕНИЯ ПРОЦЕССА ФОРМИРОВАНИЯ ГРАЖДАНСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ**

**Kaliev Azamat Saiitovich,** Candidate of Political Sciences,
Associate professor. International
University named after K.Sh. Toktomamatov

**MODERN CONCEPTS FOR DEFINING THE PROCESS OF CIVIC IDENTITY FORMATION**

**Аннотация.** Заманбап жарандык иденттүүлүк теорияларга негизделген, адамдар аң-сезимдүү түрдө максималдуу пайда алууга умтулуп, ар бир жаран өзүнүн когнитивдик жөндөмүн өзүмчүл максаттары үчүн колдонот. Мындай теориянын бир канча божомолдору бар, үй-бүлө, уруу, улут же башка социалдык топ эмес, жеке инсан. Жарандар бири-бири менен ар дайым тыгыз байланышта кызматташат, алардын ою боюнча, өз алдынча иш жүргүзүүгө караганда башка жарандар менен мамиле түзүү же кызматташуу жеке кызыкчылыктары үчүн да пайдалуу болуп жарандык иденттүүлүктүн калыптануу процесстеринин заманбап концепцияларынын эволюциясын изилдөө үчүн маанилүү.

**Негизги сөздөр:** Иденттүүлүк, жарандык, саясий идентификация, демократия, социалдык индентттүүлүк, улутчулдук, модернизация.

**Аннотация**. Современная гражданская идентичность основана на теориях о том, что люди сознательно стремятся максимизировать свою полезность и что каждый гражданин использует свои когнитивные способности в корыстных целях. В основе этой теории лежит ряд допущений, касающихся не семьи, племени, нации или другой социальной группы, а отдельного человека. Граждане всегда находятся в тесном контакте друг с другом, и, по их мнению, установление отношений или сотрудничество с другими гражданами более выгодно для их личных интересов, чем самостоятельные действия, что важно для изучения эволюции современных концепций процессов формирования гражданской идентичности.

**Ключевые слова:** Идентичность, гражданство, политическая идентификация, демократия, социальная идентичность, национализм, модернизация.

**Abstract.** Modern civic identity is based on theories that people consciously strive to maximize their own benefit, and each citizen uses his cognitive abilities for selfish purposes. This theory has several assumptions, and not a family, tribe, nation or other social group, but an individual. Citizens always cooperate in close contact with each other, and in their opinion, it is more beneficial for their personal interests to establish relationships or cooperate with other citizens than to act independently, which is important for studying the evolution of modern concepts of the process of formation of civic identity.

**Keywords:** Identity, citizenship, political identification, democracy, social identity, nationalism, modernization.

Жарандык иденттүүлүк, жарандар идентификациялаган топтордун кызыкчылыктары менен перспективаларын чагылдырган саясий аргументтердин айлана-сында куралат. Саясий идентификация тарыхына, расасына, этностук таандуулугуна, динине, гендердик өзгөчөлүгүнө, сексуалдык ориентациясына, маданиятына, артык-

чылыктуу маалыматына, кесибине же хоббисине карабастан жарандык коомдук уюмдар аркылуу калыптанат. Ошентсе да кайсы бир топтун бардык мүчөлөрү сөзсүз түрдө бирдей саясий идентификацияга ээ боло бербейт.

«Иденттүүлүк» түшүнүгү латын тилинин «*Identity»* сөзүнөн алынып «бирдейлик», «окшоштук» дегенди туюндурса, «иденттешүү» термини латын тилинин «*identifico»* сөзүнөн алынып «окшошуу» деген маанини билдирет [14]. Иденттүүлүк түшүнүгүнө француз философу Поль Рикер төмөнкүдөй аныктама берет: «Бирдейлик же окшоштук сөзү өздүк түшүнүгү менен тыгыз байланышат. Бирдейлик же окшоштук түшүнүгүнүн карама-каршылыгы ар түрдүүлүктү билдирет. Иденттешүү процесси ар түрдүүлүктөн бөлүнүп, окшош процесстердин топтолушу менен түшүндүрүлөт. Ар түрдүүлүктүн ичинен бирдейликти ажыратуу аркылуу иденттүүлүк аныкталат» [15].

Иденттүүлүк концептин илим чөйрөсүндө алгач социалдык психологияда колдонулса, кийинчерээк мааниси кеңейип, көп кырдуу түшүнүк катары изилденип келет. Философия, антропология, социология ж.б. социалдык илимдерде кеңири изилденип, түрдүү аспектиден каралган. Ааламдашуу шартында негизги саясий көз карашта кароо максатка ылайык.

С.Хантингтон идентификатору «Жарандар - өз каалоосу боюнча, кээ бирлери зарылчылыктан ошол эле мажбурлоодон улам жасап, өз жарандыгын түзүшөт» [17. 50 б] деп токтолгон. Ал идентификациялоонун көптөгөн негиздерин аныктайт, анын ичинде аскриттик (жынысы, жашы), маданий (тили, дини), аймактык (региондук, жер-жерлердеги), саясий (идеология, мамлекеттик), экономикалык (кесиптик, экономикалык тармагы), топуктары кирет. Жарандар, “өзүн-өзү идентификациялоонун мүмкүн болуучу булактарынын бай, дээрлик чексиз тандоосу бар”, бирок көптөгөн жамааттарга жана топторго тартылгандыктан, жаран сөзсүз түрдө алар менен иденттешет деп эсептейт. Ошол эле учурда Хантингтон иденттүүлүктү жеке жарандардын деңгеелинде гана эмес, ошондой эле топтордун деңгээлинде, аксакал, улуттар, топтор жана бутундой өлкөлөр сыяктуу ири коомдук формацияларга чейин кароого жакын [17. 51 б. ] экендиктерин аныктагандыгы белгилүү.

XXI кылымда эгемендүү Кыргыз Республикасынын негизги чакырыктары ааламдашуунун саясий процесстери, учурдагы жарандык иденттүүлүктүн калыптануусунун маанилүүлүгүн жаратты. Дүйнө коомчулугунда ар бир улут жана этностук топтор өздөрүнүн жарандык, саясий, социомаданий ж.б. иденттүүлүктөрүн аныктоо зарылдыктарын шарттады. Постсоветтик мейкиндикте да жаңыдан пайда болгон өлкөлөр жарандык иденттүүлүктүн өзөгүн түзгөн өзүнүн улуттук тилин, маданиятын, каада-салтын сактап калуу үчүн изденип, мамлекеттик жана жарандык коом деңгээлдеринде тиешелүү иш-пландарын иштеп чыгуусу менен жарандык иденттүүлүктүн калыптануу процесстерин саясий көз караштан илимий изилдөө теманын актуалдуулугун далилдейт.

Ааламдашуу мезгилиндеги саясий процесстер жарандардын жашоо турмушундагы негизги баалуулуктары менен жашоосундагы максаттары, бүтүндөй жашоо образдарынын кескин трансформацияланышын жаратты. Электр жарыгы жок же жетишсиз өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн айыл тургундары да күтүүсүздөн чоң шаарлардагыдай эле бүткүл дүйнөлүк Интернет желесине кошулуп бардык жерде кездешүүчү уюлдук телефондор аркылуу дүйнө жүзүндө болуп жаткан маалыматтар менен кабардар болуп калышты. Мындай коомдогу өнүгүү багыттарынын өзгөрүшү өз кезегинде, андагы «эски» жана «жаңы» түшүнүктөрүнүн карама-каршылыктарын күчөттү. Изилдөөнүн максаты туруктуу кыргыз мамлекетин курууга, этностор аралык ынтымакты чыңдоого өбөлгө болуучу жарандык иденттүүлүктүн маани-маңызын, абалын Кыргызстандагы негизги этностук топтордун мисалында илимий талдоо жана этностук айырмачылыктарын, алардын келечекте өзгөрүү багыттарын аныктоо болуп саналат.

Окумуштуу Ф.Фукуяма өз изилдөөлөрүндө: Таанууга умтулуу адамдын табиятына мүнөздүү болгондуктан, бүгүнкү күндө иденттүүлүк сезими тездик менен

иденттүүлүк саясатына айланып баратат, мында адамдар өз баалуулугун коомчулук таануунуталапкылышууда.Ошентип,азыркы дүйнөнүн саясий конфликтеринин олуттуу бөлүгү – демократиялык революциялардан жаңы коомдук кыймылдарга, улутчулдуктан жана исламизмден азыркы Америка университеттериндеги саясий кагылышууларга чейин – иденттүүлүк саясатынын көрүнүштөрүнө карата кыскарышы мүмкүн [16. 25 б] экендигине токтолот.

Иденттүүлүк түшүнүгүн алгач кубулуш катары карап, ага алгачкылардан болуп көңүл бургандардын бири америкалык социолог Дж.Г. Мид болгон. Ал балдардын эрте жаш курагындагы социалдашуу стадиясында аң-сезимдин өнүгүшүн изилдеп жатып, иденттүүлүк тууралсында төмөнкүлөрдү айткан: Биринчиси, тууроо стадиясы. Бул учурда бала башкаларды туурайт. Экинчиси, оюн стадиясы. Бул мезгилде бала оюнда белгилүү бир ролду жаратат, мисалы, куурчагына эне, же ата, же врачтын ролун аткарат. Үчүнчүсү, топтогу оюн стадиясы. Өзү курактуу балдардын тобунда белгилүү бир роль алып ойной баштайт [7]. Демек, иденттешүү бала курактагы социалдашуудан башталат. Дж.Г.Мид жана Ч.Кули, ошондой эле Уильям Джеймс дагы иденттүүлүк терминин колдонушкан эмес, бирок «өздүк» же англис тилиндеги self түшүнүгүнө таянышкан. Алар инсандын инсан катары татаал түзүлүш экенине карап, инсандын өздүгүн эки аспектиде караган: Өздүк же жеке (англис тилиндеги I – мен түшүнүгүндө) аспектиде – индивид спонтандык, ички сезимдердин таасирлеринен улам өзүн-өзү субъективдүү элестетиши; социалдык аспектте индивиддер тарабынан өздөштүрүлгөн, тактап айтканда, башкалардан өзү жөнүндөгү жалпылап элестетиши.

Дж.Г.Мид инсандын калыптануусунда социалдык шарттарга, талаптарга басым жасаган. Ал «инсандын» калыптануусунда (индивид өзүн таандыкмын деп эсептебеген бир дагы социалдык топ болбостугун) жалпылыктын негизинде калыптанаарын далилдеген. Инсандын жекелик катары өнүгүшү үчүн айланасындагы инсандардын мамилеси, инсандын социалдык алакасындагы процесстер жана ошол социалдык мамилелер аркылуу өздүктүн кайсы социалдык топко, ким катары таандык экендиги билинет жана ошол коомго тиешелүү жүрүш-туруштардын негизинде башкарылат. Ушуну менен Дж.Г. Мид алгачкылардан болуп социалдык иденттүүлүк инсандын социалдашуусу аркылуу, топтук көрсөтмөлөрдүн, баалуулуктардын жана стереотиптердин таасири астында калыптанарын киргизген [8. 221б.].

Америкалык социолог Ирвинг Гофман иденттүүлүк кубулушунун белгилери - стигмалар тууралуу жазган [3. 304 б.]. Саясий теориялар адамдын жүрүм-турумунун теорияларына негизделип, курчап турган дүйнө жөнүндө алган эмпирикалык маалыматтардын массасынан алар адамдын иш-аракетиндеги мыйзам ченемдүүлүктөрдү аныктап, бул аракеттер менен айлана-чөйрөнүн ортосундагы байланыштарды белгилешет. Теориялоо жөндөмдүүлүгү адамзаттын эволюциялык ийгилигинин маанилүү фактору болуп саналат. Көптөгөн практик жарандар теорияларды жана теориялаштырууларды жек көрүшөт, бирок дайыма ачык айтылбаган теориялардын негизинде иштешет, алардын бар экендигин алар жөн эле түшүнө алышпайт [16. 25 б].

Референттүү топ жана анын баалуулуктары боюнча америкалык социолог Роберт Мертон өз эмгектеринде белгилеген [9. 873 б.], Алвин Уорд Гоулднер «ачык жана көмүскөдөгү иденттешүү» [4. 577 б.]. Негизги иштердин тизмеси жана Батыш Греция деген эскирген түшүнүктөрдүн айланасында курулган батыш маданиятынын курсу, Европа жана европалашкан Америка туура эмес, андан да жаманы, ал адамдарды али түшүнө элек жана таанылa элек жолдор менен психологиялык жана эмоционалдык жактан азапка салат [5.151 б.] — деп белгилеген. Демек ар бир мамлекетте жашаган жарандар өз жарандык иденттүүлүгүн түшүнүүсү, кабыл алуусу дүйнө таанымы менен жашоо турмушунда колдонушуна жараша экендигине токтолууга болот.

Америкадагы университеттер терапевттик революциянын башында тургандыгын 1987-жылы Стэнфорд университетинин Батыш маданияты боюнча курсунун айланасында болгон кагылыш мунун эң сонун мисалы болду. Андан кийин жарандык укуктар боюнча лидер Жесси Джексон жетектеген студенттер тобу демонстрацияга чыгып, «Эй эй хо хо, батыш маданияты жок болсун!»

деп кыйкырып чыгышты. бүткүл өлкөнүн көңүлүн университетке бурду. Курс Танах (еврейче Библия), Гомер жана Ыйык Августинден башталып, Макиавелли жана Галилео менен уланып, Маркс, Дарвин жана Фрейд менен аяктаган он бешке жакын тексттен турган. Митингчилер программаны ак эмес авторлорду жана аялдарды камтуу үчүн кеңейтүүнү каалашкан, анткени алардын жазгандары маанилүү же негиздүү болгон үчүн эмес, тескерисинче, алардын интеграциясы алар келип чыккан маданияттардын кадыр-баркын, демек, алардын өзүн-өзү сыйлоосун арттырат. Бул маданияттын өкүлдөрү студенттер [16. 105 б] экендигин белгилөөгө болот. Жарандык идентүүлүктү түшүнүү үчүн азыркы дүйнөдө чыныгы жарандардын иш-аракеттери талкууда үстөмдүк кылган жөнөкөй экономикалык моделдин же жарандык кызыкчылыктын чегинен тышкары инсандын мотивациясы жөнүндө да түшүнүгүбүздү кеңейтүүгө болот. Инсандардын акыл-эстүү жүрүм-турумга жөндөмдүү алар барган сайын көбүрөөк байлыкка же ресурстарга ээ болуу менен өзүмчүлдүккө умтулуу шарттары белгилүү. Жаран психологиясы бул жөнөкөй экономикалык моделден бир канча татаал. Андыктан заманбап жарандык идентүүлүк саясатын талдоодон мурун, инсандын мотивациясы менен жүрүм-турумун тереңирээк түшүнүү зарыл.

Ал эми Тэджфел Генри «позитивдүү идентүүлүк» боюнча эмгектеринде жазышкан [13. 24 б.]. Кыргызстанда жашаган негизги этностордун “Кыргыз жараны” идентүүлүгүнүн маани-маңызы, анын этностук, социалдык-демографиялык топтордогу айырмачылыктары, өзгөрүү тенденциялары, себептери, натыйжалары, ошондой эле кыргызстандыктардын мекенге болгон патриоттуулугу, жалпы мамлекеттик мекенчилдикке болгон көз караштары изилденип келет. Жарандык идентүүлүктүн пайда болуу жана өнүгүү багыттары кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүн аныктаган компоненттер боюнча, тили, маданияты, мекенчилдик салттары боюнча социологиялык талдоо жүргүзүлдү. Ааламдашуу шартында кыргызстандыктардын жарандык идентүүлүгүн көрсөткөн факторлор, алардын мамлекеттүүлүктү бекемдөө, калктын биримдигин камсыздоо жана Кыргызстандын туруктуу өнүгүү келечеги үчүн маанилүүлүгү менен керектүүлүгү изилдөөгө алынды.

Улутчулдуктун изилдөөчүсү Э.Геллнер заманбап исламизмди модернизация жана идентүүлүк призмалары аркылуу кароону сунуштап улутчулдук да, исламчылык да модернизациядан келип чыккан деген аныктама берет. Азыркы Жакынкы Чыгышта дыйкандар жана бедуиндер айылдарды таштап, Каирге, Амманга, Алжирге жана башка шаарларга отурукташат. Мындан тышкары борбордук жана жакынкы азиядагы миллиондогон мусулмандар жакшы жашоо издеп Европа сыяктуу батыш өлкөлөрүнө көчүп, модернизациялангандыгы калыптануусун белгилеген.

Жарандык идентүүлүктү изилдөөдөгү ыкмалардын ар түрдүүлүгү идентүүлүктүн реалдуу феноменинин да, концепциянын өзүнүн да татаалдыгы жана көп өлчөмдүүлүгү менен шартталган. Андыктан В.А.Ачкасов жана С.Бабаев идентүүлүктүн батыштык концепциялары менталитеттин башка өзгөчөлүктөрүнө негизделгендиктен, аларды орус реалдуулугунун шарттарына толук адекваттуу колдонуу мүмкүн эмес [2. 5 б] деп белгилейт. Илимий билимдердин структурасында жарандык идентүүлүк жөнүндөгү изилдөөлөр жеринде, ар бир аймактагы жарандардын саясий дүйнө таанымы менен философиясынын, саясат таануусунун, психологиясынын, социалдык чөйрө таанымынын контекстеринде өнүгүп келет.

Ар кандай учурларда мамлекеттер арасында Россия же Кытай сыяктуу улуу держава болобу, же АКШ же Улуу Британиядагы шайлоочулар болобу - улут жөнүндө сөз болгондо, тышкы дүйнө тарабынан адекваттуу түрдө таанылбаган инсандыкка ээ деп эсептейбиз. Кайсыл мамлекетти атасак  ошол мамлекетке таандык өз коомунун мүчөлөрү деп кабылдайбыз. Мындай окшоштуктар тигил же бул диний ишенимге, этникалык, сексуалдык ориентацияга же жынысына жараша, тигил же бул улутка же мамлекетке карата таандыктыгы ар түрдүү болушу мүмкүн жана кала берет.

Алардын баары жалпы көрүнүштүн – жарандык идентүүлүк саясатынын көрүнүштөрү болуп *идентүүлүк саясаты* деген терминдерге салыштырмалуу жаралган. Алардын биринчиси 1950-жылдары пси-

холог Э.Эриксон тарабынан кеңири жайылса, экинчиси 1980-1990-жылдары саясатта кеңири жайылган. «Идентүүлүк» түшүнүгү учурда өтө кеңири жана ар түрдүү чечмеленет: кээ бир учурларда ал социалдык категорияларга же ролдорго гана тиешелүү болуп, ал эми башка учурларда - негизги же жеке маалыматтарга тиешелүү деп эсептелет. Бул контексттерде ар дайым идентификаторлор болгон.

Окумуштуу В.М.Суханов жарандык иденттүүлүктү топтун өзүн-өзү аңдоосу катары карайт. Изилдөөчү жарандык өзүн-өзү идентификациялоонун, адамдын аны башкалардан айырмалап турган сапаттарга ээ экендигин түшүнүүнүн продуктусу деп эсептейт. Бул контекстте “иденттүүлүк жарандар арасында социалдык интеграцияны жана өзүн-өзү таануу сезимин жаратуучу социалдык-маданий, улуттук жана цивилизациялык параметрлердин белгилүү бир туруктуулугу катары түшүнүүгө болот” [12. 21 б.] — деп аныктама берет. Иденттүүлүк үзгүлтүксүздүктү сактоого мүмкүндүк берет, бүтүндүктүн жана өнүгүүнүн булагы болуп чыгат, адамдардын жүрүм-турумун аныктайт. О.В.Попова саясий иденттүүлүктү саясий баалуулуктар жана артыкчылыктар, саясий мамилелер менен бирге адамдардын саясий аң-сезиминин эң маанилүү мүнөздөмөсү [11.143 б] деп атайт.

Окумуштуу О.Ю.Малинованын пикирине ылайык: «Заманбап адабиятта жарандыктар контекстке көз каранды болуп чыккан дискурсивдүү конструкциялар катары каралат. Иденттүүлүктүн дискурсивдүү табиятын таануу дагы бир жыйынтыкка алып келет: биздин топтун иденттүүлүгү жөнүндөгү идеяларыбыз символикалык күрөштүн, классификациялоонун жана таңуулоонун ар кандай жолдорунун атаандаштыгынын, иденттүүлүк жөнүндө ар кандай баяндоолордун натыйжасы” [6. 14 б.] — экендигин анализдейт.

Ал эми В.А.Ачкасованын пикири боюнча, топтун идентификациясы жамааттын социалдык-маданий мүнөздөмөлөрүнүн тутумунун бүтүндүгүн билдирет, ал коомдук-маданий ролдордо жана статустарда ишке ашкан жарандардын нормаларын, баалуулуктарын, идеалдарын, артыкчылыктарын жана күтүүлөрүн, укуктарын жана милдеттерин, ошондой эле жамааттын бардык бул мүчөлөрү үчүн жалпы иш процессинде пайда болгон байланыштарды жана мамилелерди камтыйт [1. 42 б]. Андыктан, жарандык иденттүүлүк фактору стимул менен социалдык-территориялык коомчулукту калыптандыруу үчүн негиз катары кызмат кылат, анткени азыркы шарттарда жарандык иденттүүлүгүн аймактык иденттүүлүк менен алмаштыруунун эффектиси бар.

Аймактык иденттүүлүктүн өзгөчөлүгүн эске алуу менен Н.М.Межевич социалдык идентификация процесси катары иденттүүлүк, биринчиден, жамааттын өзү ички иденттүүлүк тарабынан түзүлүшү мүмкүн экенин көрсөтөт; экинчиден, эки «маалымат маданиятынын» же бир шилтеме менен бир көмөкчүнүн болушуна негизделген көмөкчү иденттүүлүк жөнүндө маселени көтөрүүгө болот; үчүнчүдөн, аймактык өзгөчөлүк сырттан келген жамаатка таандык кылынышы мүмкүн. Идентификациялоонун бардык варианттары бири-бири менен байланышкан жана динамикалык таасирге дуушар [11. 67 б.] — болот. Иденттүүлүккө карата муктаждык ааламдашуу процессинин күч алышы менен коштолду. Бүгүнкү күндө «иденттүүлүк» түшүнүгү коомдогу тезинен өзгөрүлүп жаткан материалдык жана материалдык эмес баалуулуктардын алмашып, өзгөрүп, жекеликтен жалпылыкка өтүп, улуттуктан интернационалдык абалга өтүп жатканынан улам актуалдуулугу артып, илимий чөйрөдө кызыгууну туудурду.

Жыйынтыктап айтканда, заманбап жарандык иденттүүлүктүн калыптануу процессин аныктоодо заманбап концепциялары менен эволюциясы бир катар эволюциялык өнүгүүнү талап кылган. Батыш маданиятынын, Чыгыш коомунда да иденттүүлүк ар кайсы методология менен изилденгенине карабастан мааниси жагынан жарандык, коомдук бирдейликтин калыптануусунда орду бар экендигин белгилесек болот. Изилдөөлөр көрсөткөндөй “Кыргыз жараны” концепциясын ишке ашырууда белгилүү бир жетишкендиктер болгонун көрсөттү. Ошол эле учурда чечилбеген көптөгөн көйгөйлөр менен милдеттердин бары аныкталды. Демек, “Кыргыз жараны” жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүү үчүн ММКын колдонуу турмуштук зарыл саясий маселе экендигин белгилесек болот. Жарандык иденттүүлүк

маселелерин жарандык институттар менен тыгыз байланышта изилдөө саясат таануу илиминин алкагында зор мааниге ээ. Анткени мамлекеттик жана коомдук институттардын туруктуулугу жарандардын позициясынан, алардын саясий активдүүлүгүнөн, жоопкерчилигинен, сабырдуулугунан эле эмес "Кыргыз жараны" жарандык идентүүлүгүнүн калыптануусунда жарандар арасында калыптандырууну күндөлүк турмушта колдонуубуздан да көз каранды экендиги анык. Эгемендик алганыбызга отуз эки жылдан ашса да өзүбүздүн улуу мурастарыбыз менен калк катары сактап келген улуттук иденттүүлүгүбүзгө, салттуу билимдерибизге маани бербей, тааный албай улам сырткы дүйнөнү таанып жатканыбыз өкүндүрөт. Азыркы күндөгү көйгөйлөрдүн баары ошол кыргыз иденттүүлүгүн, салттуу билимден четтеп батыштын гана билимдерин колдонуп келүүбүздүн жыйынтыгы деп белгилесек болот. Чыныгы жашоодо колдонуп, жарандык коом арасында "Кыргыз жараны" жарандык иденттүүлүгүн өнүктүрүүбүз да ар бирибиздин милдетибиз болууга тийиш.

**Адабияттар:**


1. Ачкасов, В.А., Бабаев, С.А. «Мобилизацияланган этнос»: Азыркы Россиянын саясий маданиятынын этникалык өлчөмү / Ачкасов В.А., Бабаев С.А. – Петербург: Петербург философиялык коомунун басмасы, 2002. – 144 б., 41–42-б.
2. Жаде, Г.А. Ааламдашуу шартында Россиянын геосаясий өзгөчөлүгү / Г.А.Нефрит. Реферат diss..d. полит. п. – Краснодар, 2007, 4 5-б.
3. Гофман, И. Представление себя другим в повседневной жизни [Текст]/. Пер. с англ. и вступ. статья А.Д. Ковалева. – М.: «Канон-пресс-Ц», «Кучково поле», 2000. – 304 с.
4. Гоулднер, А.У. Наступающий кризис западной социологии [Текст]/ . – СПб.: «Наука», 2003. – 577 с.
5. Герберт Линденбергер, «Окуу тизмелеринин ыйыктыгы жөнүндө: Стэнфорд университетиндеги Батыш маданиятынын талашы», The History in Literature: On Value, Janre, Institutions (New York: Columbia University Press, 1990, 151
6. Малинова, О.Ю. Саясат изилдөө жана иденттүүлүк дискурс / О.Ю. Малинова // Саясат таануу. - 2005. - № 3. - С. 12–17., 14-б.
7. Mead G. – маалыматты алуу убакыт 21.04.2017 http://www.koob.ru/mead_g/
8. Мид Дж.Г. От жеста к символу [Текст] / Дж.Г.Мид // в кн.: Американская социологическая мысль. Под ред. В. И. Добреньков. – М.: Изд-во МГУ, 1996. – стр. 213-222., 221-б.
9. Мертон, Р. Социальная теория и социальная структура [Текст]/ . – Москва: Изд-во Хранитель, 2006. – 873 с.
10. Межевич, Н.М. Россия Федерациясынын аймактык саясатынын негизги багыттары 2 бөлүктө 2-бөлүк Регионалдык саясаттын механизмдери. / Н.М. Межевич. Окуу куралы. – М.: Петербург мамлекеттик университетинин Федералдык байланыш агенттиги, 2008. – 75 б., 67-б.
11. Попова, О.В. Европа өлкөлөрүндөгү саясий иденттүүлүктүн өзгөчөлүктөрү / О.В.Попова // Полис. - 2009. - № 1. - Б. 140-144., б.143
12. Суханов,В.М. Россиядагы аймактык саясий иденттүүлүк: изилдөөлөрдүн теориялык анализи, абалы жана келечеги / В.М.Суханов. Реферат дисс д. полит. п. – Саратов, 2009. – 40 б., 21-б.
13. Tajfel, H. The social identity theory of intergroup behavior [Text] / H. Tajfel, J.C.Turner // In Austin, William G.; Worchel, Stephen. Psychology of Intergroup Relations (2nd Ed.). Chicago: Nelson-Hall. 1986. pp. 7-24.
14. English Oxford Living Dictionaries [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 12.02.2012. http://www.oxforddictionaries.com/definition /english/identity
15. Рикер П. Повествовательная идентичность [Электрондук ресурс]. – Маалымат алуу режими: 15.05.2015. http://royallib.com/book/riker_p/povestvovatelnaya_identichnost.html
16. F.Fukuyama Recognition of identity and political identity. Moscow. Alpina Doblisher. 2016. p.217.
17. Hantington S. The Challenges to America's National Identity, кайсы. Англис Тилинен А.Башкиров. Москва: Басмалардын транзиттик китеби, 2004. (орус тилинде) , с. 50–51